«БЕКИТЕМИН»
С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик
университетинин ректору,
п.и.д., профессор
Т.М. Сияев

28.01.2020

**П И К И Р**

Жетектөөчү мекеме С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика жана окутуунун технологиясы кафедрасынын изденүүчү Байтокова Айнура Сыйлашовнанын «Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу (Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө)» аттуу 13.00.01–жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча кандидаттык илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына карата расмий пикир.

Илимий жетекчи: педагогика илимдеринин доктору, профессор Асипова Н.А.

**I. Изилдөө ишинин актуалдуулугу.**

Жогорку окуу жайында педагогдорду даярдоо процессинде кесиптик компетенттүүлүк менен бирге болочок мугалимдин ички дүйнөсүн таза идеалдар менен калыптоо башкы илимий маселердин бири болуп саналат. Мугалимдин руханий дүйнөсүн калыптоодо “маяк” катары кабыл алынуучу феномен бул – баалуулук. Ар инсандын аракети, ишмердүүлүгү жана багыты сөзсүз түрдө анын баалуулуктар системасы менен гана мүнөздөлүнөт. Ошону менен бирге эле жалпы адамзаттык баалууктарын кыргыз элинин чыгаан жазуучу Чынгыз Төрөкулович Айтматовдун кайталангыз чыгармаларынан алып чыгуу педагогикалык дагы, патриоттуулук дагы аспектилерди камтыйт.

алып чыгуу педагогикалык дагы, патриоттуулук дагы аспектилерди камтыйт. Натыйжада, изденүүчү Байтокова Айнура Сыйлашовнанын «Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу (Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө)» аттуу диссертациялык изилдөөнүн темасы чындыгында актуалдуу болуп саналат.

**II. Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы.**

Диссертант тарабынан расмий коргоо үчүн төмөнкү төрт жобо даярдалган:

1. Ааламдашуу шартында болочок мугалимдерде жалпы адамзаттыкбаалуулуктарды калыптандыруу, жаш муундарды дүйнөлүк тенденцияларга, тактап айтканда, дүйнө мейкиндигине биригүүгө, тынчтыкта жашоого жана адамдын инсандыгын сыйлоого тарбиялоодогу бирден бир негизги багыт болуп саналат.

2. Болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу алардын учурдагы көз караштарын, жалпы адамзаттык баалуулуктарын аныктоожана социалдык-педагогикалык шарттарды эсепке алуу менен атайын кошумча каражаттарды жана технологияларды колдонуу аркылуу ишке ашуусу зарыл.

3. Болочок мугалимдерге жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандырууда улуу ойчул, Ч. Айтматовдун көркөм дөөлөттөрүнө таянуу негизги педагогикалык шарт болуу менен азыркы китеп окуудан алыстап бара жаткан шарттагы таалим-тарбия иштерин өркүндөтүүнүн бирден бир жолу болуп эсептелет.

4. Болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу ишинин натыйжалуулугу атайын педагогикалык шарттарды сактоо менен СӨИнин мазмунун өркүндөтүү, атайын кошумча факультативдик курсту киргизүү, таалим-тарбия иштеринин натыйжасын арттырат.

Мындан тышкары, изилдөөнүн авторефератында төмөнкү жыйынтыктар белгиленген:

1. Жалпы адамзаттык баалуулуктардын теориялык маани-маңызы жана алардын жалпы адамзаттын турмушундагы орду теориялык жактан анализге алынып, болочок мугалимдердин кесиптик жана инсандык жактан калыптануусунда жалпы адамзаттык баалуулуктардын маанилүү экендиги аныкталды. Жалпы адамзаттык баалуулуктардын маани-маңызына жана билим берүүдөгү ордуна теориялык анализ жасоонун натыйжасында, жалпы адамзаттык баалуулуктар – социалдык-экономикалык айырмачылыктарга карабастан дүйнө элдерин гуманисттик негизде бириктирип турган эң бийик эс тутумдун, көз караштардын, адеп-ахлактык жана этикалык принциптердин жыйындысыболуп эсептелет. Мындай жалпы адамзаттык баалуулуктардын биринчи катарында “эркиндик”, “тынчтык”, “адам өмүрү”, “ден соолук”, “адилеттүүлүк”, “улуттук баалуулуктар” ж.б. турат.

**2.** Ч. Айтматовдун “Фудзиямадагы кадыр түн”, “Тоолор кулаганда”, “Кассандра тамгасы”, “Кыямат” чыгармаларына контент-анализ, Блумдун тасономиясы, окутуунун активдүү жана интерактивдүү методдору колдонулду. Көркөм чыгармалардагы ЖАБ аныктап, түшүнүү, анализдөө, талдоо менен студенттердин ой жүгүртүүсү, таанып-билүү ишмердиги артып, чыгармачылык жөндөмдүүлүгү калыптануусу менен аларды турмушта пайдалана билүү мүмкүнчүлүгүнө жана баа берүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болушту. Жогорудагы методдорду колдонуу менен андагы жалпы адамзаттык түшүнүктөргө талдоо жүргүзүү аркылуу улуу ойчулдун чыгармаларындагы ЖАБдын классификациясын түзүүгө жана аны педагогикалык процесске киргизүүгө алып келди.

3. Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруунун атайын педагогикалык шарттары катары: болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо, Ч. Айтматовдун чыгармаларына таянуу менен алардын жалпы адамзаттык баалуулуктарынарттыруу; Педагогикалык багыттагы жумушчу окуу программаларына, окуу

адамзатка тиешелүү баалуулук идеяларын атайын педагогикалык багыттагы дисциплиналардын мазмунуна киргизүү менен байытуу.

2. Жогорку жана орто кесиптик-педагогикалык окуу жайлардын окуу пландарына жалпы адамзаттык баалуулуктарга байланыштуу кошумча тандоо курстарын киргизүү.

3. Ааламдашуу шартында студенттердин интернет булактарынын таасири астында китептен алыстап бара жаткандыгын эске алуу менен улуу ойчул Ч. Айтматовдун чыгармаларынын түп нускасынан үзүндүлөр жыйнагын түзүү жана билим берүү процессине киргизүү.

4. Атайын педагогикалык шарт катары СӨИнин мазмунуна Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык идеяларды киргизүү жана дидактикалык тапшырмаларды иштеп чыгуу.

## V. Автореферattтын мазмуну менен диссертациянын мазмунун шайкеш келиши.

Негизинен алганда изилдөөнүн автореферати диссертациялык изилдөөнүн материалынан келип чыккан. Диссертациялык эмгектин мазмуну бири-бири менен логикалык деңгээлде байланышкан үч баптан турат. Ар бир баптын аягында жана жалпы изилдөөнүн аягында корутунду берилген. Негизинен алганда, диссертациялык иш жана анын автореферати илимий стилде жазылган.

## VI. Диссертациянын жана автореферattтын мазмунунда жана жасалгалыныштарда кетирилген каталар жана мүчүлүштүктөр:

Жогоруда көрсөтүлгөн илимий жетишкендиктер менен бирге, диссертацияда жана авторефератта каталар жана мүчүлүштүктөр кездешет:

1. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө жалпы адамзаттык баалуулуктарды көрсөтүүдө кыргызстандык мугалим үчүн маанилүү болгон

баалуулуктардын тизмегин түзүү менен жогорку окуу жайларына тиешелүү сунуш даярдалса, диссертациялык изилдөөнүн илимий көрсөткүчтөрү жогору болмок.

2. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө изилдөөчү тарабынан түзүлгөн жети суроодон анкета негизги инструментарий катары кабыл алынган. Бирок, биринчиден, адатта жалпы адамзаттык баалуулуктары аныктоо атайын түзүлгөн тест жыйнагын колдонушат жана ал методдор абдан таанымал болуп саналат. Экинчиден, түзүлгөн анкетада көрсөтүлгөн маселелер жана анын жооптору аныкталган суроолорду пайда кылат. Анткени, “Диний ишеним менен жашоо дегенди кандай түшүнөсүң?” – деген суроого кайсыл учурда толугу менен, кайсыл учурда толук эмес жооп жана кайсы учурда суроого таптакыр жооп жок экендиги ачык айкын көрсөтүлбөй калган.

3. Диссертациялык иште Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы баалуктар идеясы боюнча түзүлгөн классификациялык карта 2.1. таблица берилген (диссертация, 61-63 беттер). Бул таблицада “Кылым карытаар бир күн” чыгармасында “эмгек”, “үй-бүлө”, “каада-салт”, “достук” жана “тынчтык” баалуктар көрсөтүлгөн. Белгилүү адабиятчы Г. Гачев бул романда инсан “өмүр”, “абийир” жана “болмуш” баалуулуктары камтылганын көрсөткөн.

4. Диссертациялык изилдөөдө адабияттарга шилтеме берүүдө каталар орун алат. Мисалы, диссертациялык иште (диссертация, 24 - бет) профессор Э. Мабетакуновго шилтеме берилип, ал адабият 96 номер менен берилген. Ал эми, адабиятта тизмесинде 96 – орунда башка адабий булак турат.

Бирок, көрсөтүлгөн мүчүлүштөр жалпы диссертациялык изилдөөнүн илимий баалуулугуна анча деле таасир тийгизбейт.

**Кыргыз Республикасынын “Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү Жобонун” 10 пунктунун туура келиши.**

Байтокова Айнура Сыйлашовнанын «Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу (Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө)» аттуу 13.00.01–жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча кандидаттык илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына негизинен Кыргыз Республикасынын "Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү Жобонун" 10 пунктунун талаптарына жооп берет. Изилдөөнүн автору Байтокова Айнура Сыйлашовна « 13.00.01–жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча кандидаттык илимий даражага татыктуу.

Пикир С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин "Педагогика жана окутуунун технологиялары" кафедрасында талкууланган. Кафедранын протолунун бүтүмү № 9/1 2020 – жылдын 28 - январында бекитилген.

"Педагогика жана окутуунун технологиялары"
кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин
кандидаты,
доценттин милдетин аткаруучу Ш.К. Султаналиева

Отурумдун катчысы, педагогика илимдеринин
кандидаты,
доценттин милдетин аткаруучу Г.А. Касымова

Ш.К. Султаналиеванын жана Г.А. Касымованын колдорун тастыктайм:
Кадрлар бөлүм башчысы Акматалиева М.А.